
Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360


**Электрондук кол тамганын (ЭКТ) мөөнөтүн алыстан узартуу боюнча**
**КОЛДОНМО**

«ЭКТ мөөнөтүн узартууну эскертүү» кызматы, колдонуучулар ЭКТларынын мөөнөтүн биздин кеңсеге келбестен узартуусу үчүн, атайын иштелип чыккан. Кызматты колдонуу акысыз жана ЭКТларын Булутта сактоочу колдонуучулар ага алдын ала кошулган.


СОчИнин «Опции» бөлумүндө кызматтын кеңири баяндамасын окуп, жаңыртылган ЭКТлардын статистикасын көрө аласыз.




ЭКТнын мөөнөтү аяктаарга 30 күн калганда, системага кирген колдонуучу аяктаарга канча күн калганын көрө алат жана ЭКТны онлайн буйрутма жөнөтүү жолу менен, алыстан, жаңыртуу сунушталат.





Сиздин макулдугуңуздан кийин, ЭКТнын мөөнөтүн узартуу буйрутмасы чыгат. Бул кадамда системадагы балансыңызды текшерүүнү суранабыз, каражатыңыз ЭКТ үчүн төлөөгө жетиштүү болушу керек (эгер балансытагы каражат жетишсиз болсо, аны толуктап, анан буйрутмага кайрылыңыз).




Эгер буйрутмадагы реквизиттериңиз туура болсо, «Подписать» буйругун баскандан кийин буйрутма «Dos Tek Group» компаниясынын адистерине жөнөтүлөт жана сиздин балансыңыздан ЭКТ үчүн төлөм алынат.

Эгер буйрутмада көрсөтүлгөн реквизиттериңиз өзгөрүлсө, өзгөрүлгөн берилменин түрүнө жараша далилдөөчү документтерди «Dos Tek Group» кеңсесине алып келүү же office@dostek.kg электрондук почтасына жөнөтүңүз. Реквизиттерди өзгөртүү боюнча кеңири маалымат сайттагы атайын колдонмодо.

Буйрутма ийгиилктүү жөнөтүлгөн соң, ал иштелип чыгуу кезегине кошулат, ал эми колдонуучу төмөнкү билдирүүну көрөт:




Эгер балланстагы каражат ЭКТ үчүн төлөөгө жетишсиз болсо, төмөнкү билдирүү көрсөтүлүп, буйрутма жөнөтүлбөйт.





Буйрутманы иштеп чыгуу бир нече күндү талап кылышы мүмкүн, андыктан аны ЭКТнын мөөнөтү аяктаарга кеминде 3 жумуш күнү калганда жөнөтүү керек.

ЭКТнын мөөнөтү аяктаган күнү автоматтык түрдө жаңыга алмаштырылат.

Буйрутма иштелип чыкканча, ЭКТнын мөөнөтү аяктай элек болсо, системада иштөөнү улантса болот, бирок системанын эскертүүсү көңүлгө алынбай, буйрутма жөнөтүлбөсө, ЭКТнын мөөнөтүнүн аякташы менен колдонуучу системага кире албай калат.

DosTek group

Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360




Бул кызмат менен бирге, ЭКТны «Dos Tek Group» кеңсесинен жаңыртуу да жеткиликтүү.

**ЭКТны алыстан жаңыртуу тартиби боюнча «DosTek group» компаниясынын адистерине төмөнкү байланышуу жолдору менен кайрылууга болот:**

**- электрондук почта: office@dostek.kg;**

**- телефондор: +996 312 960 360, +996 706 960 360, +996 776 960 360, +996 558 960 360**

**- кеңсенин дареги: Бишкек ш. Коенкөзов көч. 8.**

**Көңүл бурганыңыздарга рахмат!**